**Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети**

**Окумуштуулар Кеңешинде**
**кабыл алынган,**
**протокол №__5____**
**"_28_" ___12_____2022-ж.**

**Бекитем**
**ректор, профессор**
**__________К.Ж. Усенов**
**"_28_" ___12_____2022-ж.**

# ЭЛЕКТРОНДУК ЖУРНАЛДЫ КОЛДОНУУ ТАРТИБИ

## *Жалпы жоболор*

1. **Электрондук журнал** – бул Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин (ЖАМУнун) АВН маалыматтык системасына негизделген студенттердин жана профессордук-окутуучулардын маалыматтык базасынын негизинде Интернет тармагы аркылуу колдонууга мүмкүнчүлүк берүүчү комплекстүү программалык каражат.

2. Электрондук журнал ЖАМУнун ички тартибинен негизделип иштелип чыккан нормативдик документ. Ар бир профессор-окутуучу Электрондук журналды жүргүзүүгө милдеттүү.
3. Электрондук журнал АВН маалыматтык системасынын окуу-педагогикалык документтеринин ажырагыс бөлүгү.
4. Электрондук журнал университеттин ар бир факультет жана колледждеринде колдонуучу кадимки тайпалык журнал менен бирдикте колдонулат.
5. Бул тартип университеттеги электрондук журналды колдонуунун максатын, тартибин, милдеттерин жана окуу процессиндеги ээлеген ордун аныктайт.
6. Электрондук журналдын базасындагы сакталган маалыматтарды колдонуу актуалдуу жана милдеттүү болуп саналат. Ошондуктан электрондук журналдагы маалыматтар кадимки тайпалык журнал менен бирдей мааниге ээ.
7. Электрондук журналды колдонуучулар болуп окуу процессине тиешелүү профессордук-окутуучулар курамы, студенттер, администрация, ата-энелер эсептелет.

## АВН маалыматтык системасында "Электрондук журналды" иштетүү эрежелери жана тартиби

1. Кафедралардын, бөлүмдөрдүн окуу жүктөмүнүн негизинде тиешелүү профессордук-окутуучулар курамына АВНдеги жеке кабинети аркылуу электрондук журналды колдонуу мүмкүнчүлүгү түзүлөт.
2. Электрондук журнал сабактын түрүнө карата, б.а. лекция, практика, лабораториялык сабактардын баардыгында жүргүзүлөт. Эгерде, тайпаларды кичи тайпаларга бөлүү керек болсо, окутуучу тарабынан кичи тайпалар бөлүштүрүлүп түзүлөт. Окутуучу тарабынан окуу жадыбалынын негизинде студенттердин сабакка

катышуусу электрондук журналда чагылдырылат, б.а., айтканда сабакка катышуусу боюнча белгилер коюлат (“кж”). Электрондук журнал жадыбал боюнча гана толтурулуусу милдеттүү. Эгерде, окутуучу жүйөлүү себептерге байланыштуу жумушка келбей калса, кафедра башчысы тарабынан башка окутуучуга дайындалат жана электрондук журналды толтуруунун мүмкүнчүлүгү (жоопкерчилиги) ошол окутуучуга жүктөлөт. Жеке кабинеттен электрондук журналды пайдалануу окутуучулар ортосунда макулдашылат.

3. Студенттер электрондук журналды жеке кабинети аркылуу колдонушат, аларга жеке кабинетине кирүү үчүн логин менен сыр сөз студент болгондон кийин деканаттар тарабынан берилет. Ата-энелер электрондук журналдын жыйынтыгын студенттин жеке кабинетинен тааныша алат.

4. Деканат, кафедра, колледждин администрациясы электрондук журналдын тайпаларда тишелүү предметтер боюнча туура, так жүргүзүлүп жаткандыгын АВН порталындагы “электрондук журналдын катышуу маалыматы” (отчеты журнала посещаемости) боюнча анализдешет. Декан, директорлор журналдагы маалыматтардын негизинде студенттердин сабактарга катышуусу боюнча тиешелүү чечимдерди кабыл ала алышат.

5. Декан, директор, кафедра, предметтик циклдик комиссия башчылары электрондук журналдын үзгүлтүксүз жүргүзүлүшүн ар дайым көзөмөлдөөгө милдеттүү. Кураторлор студенттердин сабакка катышуу активдүүлүгү боюнча электрондук журналдын негизинде ата-энелер менен байланышта болушат.

6. Окуу бөлүмү электрондук журналдын үзгүлтүксүз жүргүзүлүшү боюнча көзөмөл жасап турат.

7. Студент, ата-эне электрондук журналдагы өзүнө гана тиешелүү маалымат менен тааныша алат.

Электрондук журналдагы катышуунун эсебинин жүргүзүлүшүнүн жыйынтыгы АВН системасындагы программалык каражаттын негизинде студенттердин модулдук-рейтинг системасына таасир этет. Башкача айтканда, электрондук журналдын жыйынтыгы студенттин предмет боюнча модуль тапшыруусуна таасир этет. Бул боюнча ЖАМУнун студенттердин жетишүүсүн жана билим сапатын баалоочу модулдук-рейтинг системасынын ЖОБОсунда көрсөтүлгөн.